Анда Рамазан айы келгенде умрага бар. Ал айдагы умра ажыга тете болот" - деди

Ибн Аббас (аларга Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси ансарлардан бир аялга (Ибн Аббас анын атын айтты эле, мен унутуп калдым): "Эмненин айынан биз менен ажыга барбай калдың?" - деди. Ал: Бизде эки төөбүз бар эле, анын бирин минип күйөөм менен балам ажыга кетти. Экинчисин суу ташып ичкенге пайдаланып жатканбыз" - деди. "Анда Рамазан айы келгенде умрага бар. Ал айдагы умра ажыга тете болот" - деди.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) коштошуу ажылыгынан келгенден кийин, ансарлардан ажыга барбай калган бир аялга кайрылып: "Биз менен ажыга баруудан сени эмне тосуп калды?" - деп сурайт. Аял аларда эки төөсү болгонун, анын бирин күйөөсү менен баласы минип ажыга кеткенин, экинчисин үйдө калгандарга кудуктан суу ташып ичип туруу үчүн калтырышканын айтып үзүрүн билдирет. Ошондо Пайгамбарыбыз (ага Алланын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага Рамазан айында умра кылуу ажылык кылгандай сооптуу болорун айтты.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/2753